# Окуучунун кодекси жана укугу

## Окуучунун кодекси

Мен Кыргыз Республикасынын окуучусу катары төмөнкүлөргө милдеттенем

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясын сактоого, эгемендүү Кыргызстандын символдору болгон гимнди, гербди, желекти билүүгө урматтоого;
2. Манастын осуяттарынын негизинде чынчыл жана адилет жашап, өлкөнүн атуулу катары өз Ата-Мекенимди урматтоого жана сүйүүгө;
3. Улууларды, мугалимдерди жана ата-энелерди урматоого;
4. Акыл эсимди өстүрүүгө, билимдүүлүккө жана адептүүлүккө умтулууга;
5. Эне тилимди сүйүүгө жана үйрөнүүгө, башка элдердин, өлкөлөрдүн тилин жана маданиятын сыйлоого;
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана балдардын укугун коргоо жөнүндөгү конвенцияда каралган өзүмдүн жана башкалардын укуктарын коргоого;
7. Ден-соолугумду сактоо, чыгармачыл жөндөмдүүлүгүмдү өстүрүү жана кам көрүү аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүүгө;
8. Дайыма үлгүлөрдүн катарында болууга жана жардамга муктаждарга колдоо көрсөтүүгө;

Сканировано с CamScanner

9. Акыл-эстүү болууга, ойлонулбаган чечимдерди кабыл албоого;

10. Ар ким менен оз ара түшүнүүчүлүк мамиледе болуу, башкаларга жардам берүүгө;

11. Башкалардын көз караштарын, каада -салттарын жана динин сыйлоо менен толеранттуулукту сактоого.

**Ошону менен бирге төмөнкүлөргө укутуумун**

1. Өзүмдүн билимиме жана билгичтигиме туура баа алууга;

2. Өзүмдүн кол тийбестигим коргоого, өзүмдүн курбуларым, мугалимдерим, улуулар тарбынан сыйлоого;

3. Өзүмдүн оюмду, көз карашымды эч кимден коркпой эркин айтууга.

Сканировано с CamScanner